**Буйрук №111**

**29.08.2022-жыл** **№94 ЖОББМ**

***"Жемкорчулукка каршы күрөшүү жөнүндө"***

Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 22-февралындагы №40 "Бишкек шаарынын жалпы билим берүү уюмдарында акчалай жана башка каражаттарды мыйзамсыз жыйноого тыюу салуу" жөнүндөгү буйругунун негизинде.

**Буйрук кылам**

Мектептин жалпы мугалимдер жамааты, кызматкерлери жогорудагы буйрук менен тааныштырылсын.

Мугалимдер жамааты өзүлөрүнүн функционалдык милдеттерин, анын ичинде коррупцияга каршы күрөшүү милдеттерин билишсин.

Мектепте КРнын "Жемкорчулукка каршы күрөшүү" мыйзамдары аткарылсын.

Мектепте балага билим берүү, тарбиялоо акысыз экендиги түшүндүрүлүп, ата-энелерге маалымат берилсин.

Мектепте иштеген мугалимдер, класс жетекчилер мыйзамсыз акча чогултушпасын. Жемкорчулук фактыларына жол берилбесин.

Мектепте ата-энелерден белек алууга, басма сөз каражаттарын сатууга тыюу салынат. Класстык копилка үчүн, же бүтүрүү, көчүрүү экзамендерине байланыштуу акча чогултулбасын.

1-класска балдар электрондук каттоо аркылуу кабыл алынсын. Электрондук каттоо боюнча окуучулардын документтерин толуктоо, кабыл алуу боюнча иштерди жүргүзүүгө башталгыч класстардын завучу Бектурганова Нургүл Шаршенбековнага жүктөлсүн.

Мектепте жемкорчулукка каршы күрөшүү боюнча жылдык план түзүү, мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары Самүдүнова Айсалкын Жапаровнага жүктөлсүн.

Мектепте ишеним почтасы активдештирилсин. Атайын бурч уюштурулсун.

Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Директордун милдетин аткаруучу: Ажыгулова К.К.